УДК

Давлетов М.С.
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын*
*Тил жана адабият институту*

# С.ДАВЛЕТОВ КЕП ЧЕБЕРЧИЛИГИ, ТУУРАЛЫГЫ, ТАКТЫГЫ ЖАНА ТАЗАЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ

"Өз эли, өз тили үчүн жалындаган ой-санаасы, мыкты тилеги, жакшынакай аң-сезимдүү аракети болбогон кургак патриотизмдин болушу мүмкүн эмес", "өз эне тилин сүйүү өз мекенин сүйүү менен ажырагыс байланышат. Ар бир адамдын патриоттук сезими, граждандык баалуулугу мына ушулар менен аныкталат" (7, 92). Кыргыздын залкар тилчиси С.Давлетовдун бул сөздөрү замандын рухуна төп, мезгилдин агымына дал келип турат.

Тил менен элдин тагдыры өз ара жуурулушуп, бири-бири менен тыгыз, ажырагыс байланышта. Тил коомдогу пикир алышуунун негизги куралы гана болбостон, андагы оош-кыйыштардын баарын чагылдырып турган күзгү дагы. Көп жагынан тилдин абалын карап, коомдун абалын билсе болот. Тилге мына ушул жактан карап, С.Давлетов мындай деп жазган: "...кыргыздар: 'Айдын он беши жарык, он беши караңгы,' – дешет. Сөздөн (речь) да ушул өңдүү көрүнүштөр байкалат. Бул пикирди тил каражаттарын колдонуу боюнча газета-журналдардагы, илимий-техникалык, көркөм адабияттардагы ири ийгиликтер жана кыйла кемчиликтер, одоно каталар да далилдей алат"(6, 67-68). Дал ушул себептүү тарыхтын жаңы барагын ачып, тилди өнүктүрүү, тил саясатын өркүндөтүү менен алек болуп жаткан эгемендүү Кыргызстанда тил маданияты, кеп тазалыгы жана тууралыгы маселелери – адистердин көңүлүн өзүнө тарткан эң актуалдуу маселелерден.

Тил, кеп маданияты маселелери коом үчүн да, ар бир жеке инсан үчүн да канчалык маанилүү болгонун түшүнгөн С.Давлетов 1968-жылы эле ага өзүнүн ушул жаатта жазылган алгачкы макаласында кайрылган. "Сөз маданияты, – деп жазат анда автор, – үстүртөн айтканда, – жалпы маданияттын олуттуу бир тармагы, тагыраак айтканда – тил каражаттарын максатка, ар түрдүү шартка, чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык чеберлик менен колдоно билүү ийгилиги" (6, 68). Бирок мындай ийгилик өзүнөн өзү эле келе койбойт. "Жакшынакай тил сезимине, ар тараптан бышып жетилген лингвистикалык тактыкка, чечен сүйлөй билүү өнөрүнө ээ болуу, – дейт окумуштуу, – даяр жемиш эмес, ал – биздин бардык маданий байлыгыбыз сыяктуу эле узакка созулган зор эмгектин, турмуштук бай тажрыйбанын, аң-сезимдүү тарбиянын натыйжасы. Ошондуктан сөз маданиятын жогорулатуунун алгачкы кадамы тилге аң-сезимдүү мамиле жасоодон, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуудан башталат" (6, 68).

Жогорудагы үзүндүлөрдөн көрүнүп тургандай, С.Давлетов үчүн сөз маданияты, бир чети, атайын үйрөтүүнүн үзүрү болсо, бир чети, ар бир жеке адамдын тилге жасаган сый, жоопкерчиликтүү мамилесинин натыйжасы. Ал көңүл коюп, аракет жасоону талап кылат. "Ырас, байкас албасак, – дейт С.Давлетов, – алтын да баркы жок жөнөкөй таш сыяктанып калат" (5, 100). Окумуштуунун мындай мамилеси орустун залкар тилчиси Л.В.Щербанын 1927-жылы айткан мындай оюна үндөшүп турат: "Сабатсыз жазуу биз кайрылган адамдардын убактысына кол салууга тете, демек, туура уюшулган коомдо ага жол берилбөөгө тийиш... Балдарды сабаттуулукка көндүрө албасак, анда коом үчүн пайдалуу кызматчыларды жаратпай, турмуш менен коом бизден күткөнүн жүзөгө ашыра албайбыз" (13, 59-60).

Кеп маданияты – көп кырдуу, татаал көрүнүш. Адамдын сүйлөө аракети ар түрдүү контекстте ишке ашып, ар кандай факторлордун таасирине көз каранды. Ошого жараша тил колдонууга коюлуучу талаптар да ар кыл болот. Андыктан ошол кезде али жаш

окумуштуу болсо да, С.Давлетов бул маселени табиятына жараша ар тараптуу кароого далалаттанат. “Тандоо, ылгоо, – деп жазат ал, – биздин эң баалуу куралыбыз болгон тилге, тактап айтканда, андагы каражаттарга, сөзгө (речке) карата да колдонулат. Буга сөз болуучу нерсе, айлана-чөйрө, адамдын акыл-эси, эрудициясы, коомдогу абалы, жаш, жыныс өзгөчөлүктөрү, таалим-тарбиясы, кайсы жерде чоңоюп, кайда өскөндүгү, сүйлөөчүнүн максаты, мамилеси, чыгарманын жанрдык бөтөнчөлүктөрү ж.б. күчтүү таасир этет” (5, 100).

С.Давлетов үчүн кеп маданияты тил колдонуунун сапатын баалоого байланыштуу. Канткенде айтылган же жазылган кепти маданияттуу деп айтса болот? Белгилүү орус тилчиси С.И.Ожеговдун пикири боюнча, “кептин жогорку маданияттуулугу – бул өз оюн тил каражаттары менен туура, так жана ачык-айкын бере билүү. Туура кеп деп азыркы адабий тилдин нормалары сакталган кеп аталат... Бирок кеп маданияты тил нормаларын сактоодон гана турбайт. Ал дагы өз оюн билдирүү үчүн каражаттардын так келгенин гана эмес, эң жеткиликтүү (тактап айтканда, ачык-айкын), демек, стиль жагынан жөндүү болгонун таба билүүдөн турат” (11, 287-288 ).

С.Давлетов кеп маданияты кубулушун сыпаттоосун анын пикир алышуудагы негизги сапаты болгон *тууралыктан* баштайт. Ал эми тууралык, тилчинин оюнча, *адабий нормага* байланышат. Адабий тил – бул тилдин эл улут катары калыптанганда пайда болгон, анын тарыхый тажрыйбасын чагылдырган, мезгилдин элегинен өткөн, бүтүндөй элди бириктирип турган эң жогорку үлгүсү. Ошондон улам адабий норма, С.Давлетовдун айтымында, “жалпы элдик (улуттук) тилдин өнүгүү закондорун бардык жактан байкоо, ийкемдүүлүгүн жогорулатуучу мүмкүнчүлүктөрүн илимий негизде аныктоо аркылуу белгиленет жана тилдин ар тарабын өз кучагына камтыйт” (6, 68).

Кептин тууралыгы – анын ой жеткирүүнү, пикир алышууну мүмкүн кылган башкы өзгөчөлүгү. Орус окумуштуусу Б.Н.Головин бул жөнүндө мындай дейт: “Кептин тууралыгы – анын бирден-бир болбосо да, негизги коммуникациялык сапаты, анткени кептин өз ара түшүнүктүүлүгү, бирдиктүүлүгү эң алды анын тууралыгы менен камсыз кылынат. Тууралык жок болсо, калган коммуникациялык сапаттар: тактык, логикалуулук, орундуулук ж.б. да “иштей” албайт. Кептин тууралыгы ар дайым адабий тилдин нормаларын сактоого, туура эместиги болсо – алардан четтөөгө алып келет.” (2, 41).

Норма тилдин ар кандай деңгээлдерине жараша бөлүнгөн сыяктуу, кептин тууралыгы да дал ошондой болуп бөлүнөт. Башкача айтканда, тигил же бул тилдик каражаттын колдонууда алгылыктуу же алгылыксыз болгону ал тийиштүү болгон деңгээлдин нормалары боюнча аныкталат. Кеп жалпы маданияттуу болуш үчүн анын бир эле деңгээлиндеги тууралык жетишсиз (6, 68-69).

Тилдин тууралыгын С.Давлетов адабий тил менен диалектилердин контекстинен алып да карайт. Диалект колдонулуш аймагы боюнча тар, адабий тил кеңири болгондуктан, “бул же тигил диалект үчүн туура, алгылыктуу, жалпыга түшүнүктүү сыяктанып сезилген айрым көрүнүштөр адабий тил үчүн туура эмес, алгылыксыз да болуп чыгат”(6, 69). Кайрадан эле кептин диалектилик өзгөчөлүктөрү тилдин бир деңгээлинде гана байкалбайт. Бул учурда да колдонулган тил каражаттарынын тууралыгына алардын жайгашкан деңгээлине карап баа берүү керек. Адабий тил улуттук тилдин өнүгүүсүнүн туу чокусу болгонун эске алып, С.Давлетов диалектиге гана мүнөздүү каражаттарды ыгы жок колдонуу кептин түшүнүктүүлүгүн, жеткиликтүүлүгүн бузуп, сөз маданиятынын деңгээлин төмөндөтөрүн айтып, мындай деп жазат: “Демек, адабий тилдин байышына мүмкүнчүлүк түзбөгөн, анын нормасына туура келбеген, белгилүү бир территориялык өзгөчөлүктө гана чектелген жогоркудай каражаттарды пайдалануудан адабий тилдин жалпы элдик нормасына аң-сезимдүү өтүү жана аны өз речинде адат катары колдонуу – сөз маданиятын жогорулатуунун зор өбөлгөсү”(6, 70).

Бирок, С.Давлетовдун пикиринде, кептин адабий нормаларына ылайык келиши, анын тууралыгы "анын жакшы (чыныгы маданияттуу) экендигин айгинелей албайт. Бул үчүн нормативдүүлүк менен варианттуулуктун өз ара карым-катышын изилдөө, кептин тактыгы, логикалуулугу, тазалыгы, ачык-айындыгы, байлыгы (ар түрдүүлүгү), орундуулугу (ылайыктуулугу), элестүүлүгү сыяктуу бир катар белгилерди илимий негизде аныктоо жана аларды кеп ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алуу зарыл" (8, 191).

Демек, кеп маданияты сөздүн тууралыгы менен гана чектелбейт. "Туура сүйлөөнү чебер сүйлөө менен айкалыштырууга аракеттенүү керек, анткени адабий тилдин нормаларын ар тараптан терең жана толук өздөштүрүү, аларды күндөлүк турмушубузда жетекчиликке алуу биздин сөзүбүздүн адабий сабаттуулугун, туура түзүлгөндүгүн гана аныктайт" (6, 71). Мунун себебин окумуштуу адамдын кеби тил системасына гана баш ийбестен, ар кандай, тилден тышкаркы факторлорго да байланыштуу болору менен түшүндүрөт. Бул тууралуу орустун тилчиси Г.О.Винокур мындай деген: "Бизде тилдеги тууралыктын эки башка түшүнүгү бар. Милдети тил каражаттарынын жардамы менен ойдун предметин колдон келишинче так билдирүүдөн турган логикалык тууралык жөнүндө жана сүйлөгөн адамдан тилдин тигил же бул каражаттарын кандай жагдай-шартта, кандай тилдик кырдаалда колдонуу мүмкүн экенин билүүнү талап кылган, өзүнчө бир лингвистикалык табит жана сыпаалык болгон узус тууралыгы жөнүндө кеп кылууга болот" (1, 444).

Кептин логикалык жагына көңүл буруп, С.Давлетов "кар ысып жаады", "алма быша электигинен эзилди", "мүдүрүлбөс үчүн кадамды ылдам таштады" сыяктуу сөз айкаштарын мисалга алып, алар грамматикалык жактан туура болгону менен, логикага баш ийбегенин айтат. "Демек, адабий тилдин нормасына, формалдык логиканын законуна туура келген сөз гана официалдуу же кадыресе, жайынча айтылган сөз катары кабыл алынат" (6, 71). Кептин мындай сапатын анын *тактыгы* дешет.

Колдонулган жагдайга, коомдук турмуштун чөйрөсүнө жараша тил ар кайсы учурда бирдей колдонула бербейт. Ошондон улам тилдин өзүнчө бир түрлөрү – стилдер пайда болот. С.Давлетов кептин тазалыгы менен тактыгын анын стилдик өзгөчөлүктөрү менен айкалыштырып карайт. Ал, бир жагынан, ар бир адам тил каражаттарынын баарын толугу менен пайдалана албасын, аларды өзүнүн таламдарына, билимине, маданий деңгээлине, жаш өзгөчөлүктөрүнө, турмуштук тажрыйбасына, өнөр-кесибине ылайыктуу колдонорун, экинчи жагынан, колдонулуш чөйрөсүнө, шартына, өзгөчөлүктөрүнө жараша айрым тил каражаттары жиктелип отуруп, өзгөчө *стилистикалык* сапаттарга ээ болорун белгилеп, ошондон улам тигил же бул стилге тийиштүү тил каражаттары тандоо, тыбыштык уюмдашуу, орун тартиби жагынан өзгөчөлүктөргө ээ экенин айтат (6, 73-74). Демек, кеп учурунда сөз ылгап сүйлөөдө тил каражаттарынын стилдик сапаттары да эске алынууга тийиш. "Сөз маданиятынын жогоруда саналган белгилери (тактык, таамайлык, логикалык ж.б.), – дейт окумуштуу, – ар башка стилдерде спецификалык бөтөнчөлүктөр аркылуу да айырмаланат" (6 ,193). Сөздөрдүн туура тандалып колдонулушу кептин *чебердигин* көрсөтүп турат.

*Кеп чебердиги* дегенибизде, албетте, баарыдан мурда сөздүн байлыгы жөнүндө ой келет, анткени жалпак тилге *чебер* деген аныктама берүү кыйын. Бирок, С.Давлетов белгилегендей, кептин чебердигин анын көркөмдүгүнөн айырмалоо зарыл. Эгерде көркөмдүк сөздөгү көркөм каражаттар менен аныкталса, чебер сөз өзүнүн колдонулуу максатына, шартына, стилине шайкеш келүүгө тийиш. Бул жерден изилдөөчү көркөм сөз чеберлеринин тил пайдалануу өзгөчөлүктөрүн баяндап, ошол эле өзгөчөлүктөр кадыресе жагдайда айтылган кепке коошпой тургандыгын көрсөтөт (6, 73-75). Ушул эле өңүттөн алганда, чебер сүйлөөнүн дагы бир белгиси – бул анын "көп сүйлөө эмес, эп сүйлөө" болгону (6, 77). Башкача айтканда, кептин чебердиги, эң алды, анын байлыгы менен эмес,

анын тактыгы менен аныкталат.

Өз изилдөөлөрүндө С.А.Давлетов тил жаатында бардык мезгилдерде актуалдуу бойдон калып келген дагы бир маселеге – кеп *тазалыгы* маселесине кайрылат. Кептин тазалыгы анын жогоруда аталган сапаттарынын бардыгынан келип чыгат. Кеп таза болуш үчүн анда эч кажети жок, ашык, тилчи өзү айткандай, “ыксыз кыпчылып колдонулган” тил каражаттары болбоого тийиш. Ал эми мындай ашык каражаттарга орунсуз колдонулган сөздөр, ыгы жок кайталоолор, стилге, адабий нормага туура келбеген сөздөр менен тилдик формалар кирет.

Бирок кептин тазалыгын тилчи анда колдонулган тилдин тазалыгы менен айкалыштырып карайт. Тил менен кеп жакын, тыгыз байланышкан, бирок эки башка түшүнүк болгон сыяктуу, тил маданияты менен кеп маданияты түшүнүктөрүн да ажыратып караган ылаазым. “Тил маданияты’ дегенибиз, - деп өз пикирин билдирет С.Давлетов, – тилдин (демек, катнаш куралынын) өнүгүш даражасын, байлыгын туюндурат. Бул учурда анын сөздүк составынын, сөз жасоо системасынын, грамматикалык, фонетикалык, стилистикалык түзүлүштөрүнүн өнүгүшү, алардын ийкемдүүлүгү жөнүндө кеп болуу керек” (3, 13).

Тил тазалыгын С.Давлетов андагы башка тилдерден келген сөздөрдүн колдонулушуна байланыштырып карайт. Бул анын жеке көз карашы менен эмес, коомдо аталган маселе көпчүлүк учурда дал ушул өңүттөн алынып жүргөндүгү менен шартталат. Эмне себептен кыргыз тилинде чет тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр, эң алды атайын сөздөр – терминдер орун алгандыгы жөнүндөгү суроо жооп берип, ошонун себебин эне тилибизде терминдин артында турган маанини так, дал өзүндөй кылып берүүгө жарамдуу сөздөрдүн жоктугу, андай терминдер которулса, алардын мааниси бузула тургандыгы менен түшүндүрөт. “Ошентип, тилдин тазалыгы бир тилден экинчи тилге кабыл алынган сөздөрдүн баарына каршы келбейт, орундуу колдонулган сөздөрдү өз кучагына камтыйт жана ал аркылуу байып, өнүгүп отурат,” (10, 86) – деп жыйынтыктайт С.Давлетов. Анын оюнча, мындай учурларда жаңы кирген көздөр кыргыз тилине зыян келтирмек турсун, кайра аны бай да, ийкемдүү да кылат (10, 85).

С.Давлетов тил менен кептин өз ара катышын карап, кеп – тил системасынын, бир жагынан, учурдагы иш жүзүндө пайдаланышы, экинчи жагынан, тикеден-тике өкүм сүрүшү болгонуна көңүл бурат. Тилдин өнүгүшү, калыптанышы, өзгөрүшү кеп учурунда орун алат. Демек, кеп тазалыгы же таза эместиги акыры тилдин абалын, сапатын камсыз кылат.

Ошол эле мезгилде жалпы кабыл алынып, бөтөн тилден биздин тилибизге кирип, тил системасынан өз ордун таап кеткен каражаттар өздүк болуп калат же болуп калышы керек. Ар бир тил башка тилдерден келген сөздөрдү кабыл алуу аркылуу байырын белгилеп, ошол эле учурда С.А.Давлетов кеп ичинде ар башка тилдерди аралаштырууну терс көрүнүш катары мүнөздөйт: “...эки тилди аралаштыра сүйлөй берсек, анда тилдин тактыгы бузулат, айтылган пикир угуучуга жетпей да калат” (10, 85).

Бул жерден биз С.Давлетовдун тил тазалыгы менен кеп тазалыгынын өз ара катышы жөнүндө айткан ойлорун өзүбүздүн мисалдарыбыз менен бышыктап кеткибиз келет. Кептин начар абалы тил системасына өз залакасын тийгизиши мүмкүн экендигин далилдеген учурлар бүгүнкү күндө өтө көп болууда. Мисалы, азыркы мезгилде кеңири колдонулуп, сын көз менен каралбай, сөздүктөргө чейин кирип кеткен *тестирлөө* деген сөз бар. Бирок бул сөз кыргыз тилинин сөз жасоо нормаларына жооп бербейт. Курамын талдап көрсөк, ал же *тест* деген уңгудан -*ырла* мүчөсүнүн жардамы менен, же *тестир* деген негизден *–ла* мүчөсүнүн жардамы менен жасалды деп айтуу керек. Бирок -*ырла* деген мүчө да, *тестир* деген уңгу да жок. Ошого карабастан, бул сөздү расмий документтерден баштап, тест жүргүзүү борборлорунун көрнөктөрүнө чейин учуратууга

болот.

С.Давлетов үчүн кептин маданияттуулугу, кеп маданиятынын чен-өлчөмдөрү катып калган, мезгилдин жүрүшү менен өзгөрбөй, бир калыпта кала берген көрүнүш эмес. Сөз маданияты тил менен кошо өнүгүп, өзгөрүп турат. “Сөздүн одоно-орой же сылык-сыпайы, болбосо кадыресе, жайынча маанини билгизиши тарыхый шарттар менен ылайыкташат, – дейт окумуштуу. – Белгилүү бир мезгилде жайынча, кадыресе колдонулган сөздөр экинчи бир мезгилде одоно-орой мааниге өтүп да кетип, же, анын тескерисинде, одоно-орой сезилген сөздөр кийинки учурда кадыресе, жайынча маанини туюндуруп да калат” (4, 131).

Окумуштуунун тынчын алган дагы бир маселе – тил маселелерин, анын ичинде – сөз маданияты маселелерин чечүүгө чыныгы кесипкерлик мамиленин жасалбагандыгы. “Ар бир талкууда эне тилибиздин тактыгы жана тазалыгы, бир катар сөздөрдүн кабыл алынышы же алынбастыгы жөнүндө ар түрдүү ойлор козголот. Бирок алар чыныгы адистер тарабынан талданбагандыктан, маселе дуу-дуу менен башталып, суу сепкендей дымыйт. Калың эл кайсы пикирге кошуларын так ажырата албай калат. Эгерде талкуулар ар дайым ушул мүнөздө жүрсө, алардын пайдасы не?” (9, 195) – деп жазат тилчи.

Кыргыз тилинин, кыргыз кебинин маданияты кеткени – бул, С.Давлетовдун сөзү менен айтканда, “эне тилдин кунары качканы”. Өз тилин маданиятсыз колдонуу – өз тилин сыйлабастыкка гана эмес, аны билбестикке да жатат. “Бирин-экин тамчысынын жээкке ыргып кетишинен улуу дайра азайып калбайт. Бирок андай тамчылар көбөйө берсе, улуу дайра тартылууга аргасыз болот. Өз тилин билбей калган уул-кыздардын саны арбый берсе, эне тилдин кунары кача баштайт,” – деп жазат окумуштуу (9, 196). Бул сөздөрүн узатып жатып, залкар окумуштуу эң алды орусча сүйлөп чоңойгон шаардык адамдарды айткан эле. Бирок азыркы күндө таза сүйлөө эмес, таза эмес сүйлөө өзүнчө бир модага айланып бараткансыйт.

Макалабыздын башында биз С.Давлетовдун кеп маданияты өзүнөн өзү пайда болбосун, ага үйрөтүп, тарбиялоо зарыл экендигин баса белгилегенин айтып кеткенбиз. Окумуштуунун кеп маданияты жаатындагы эмгектеринин бир чоң өзгөчөлүгү – аларда маселенин педагогикалык, методикалык аспектисине да чоң көңүл бурулган. Анын дал ушул сапаты, көрүнүктүү методист А.Осмонкуловдун сөзү менен айтканда, “С.Давлетов жалаң гана лингвистикалык эмгектери менен белгилүү болбостон, кыргыз тилин окутууга арналган эмгектери да мугалимдер коомчулугунда кеңири пайдаланылып, республикадагы белгилүү окумуштуу-методист экендигин көрсөтүп турат” (12, 341-342).

“Арийне, кудурети күчтүү сөз, жалындаган ой табуу, миңдин ичинен бирин – эң зарылын, башкалар менен алмаштырууга болбой турганын табуу оңой иш бекен?! – деп жазат С.Давлетов. – Мына ушундай оор иштерди жүзөгө ийгиликтүү ашыруу, жаш муундардын чалгын канатын татынакай жетилтүү бүтүндөй коомчулугубузга, анын ичинде бизге – тилчи жана адабиятчы мугалимдерге ыйгарылып отурат. Бул үчүн эбегейсиз эмгек, жалындаган кайрат, аң-сезимдүүлүк, мугалимдик чеберчилик менен айкалыштырылган сансыз көп машыктыруулар жүргүзүлүүгө тийиш”(7, 93). Ал сөз маданиятын өстүрүүнүн төмөнкүдөй айрым багыттарын белгилеп кетет: 1) адабий тилдин орфографиялык, орфоэпиялык жана стилистикалык нормаларын күндөлүк пикир алышууда туура колдоно билүүгө үйрөтүү; 2) башка тилдерден келген сөздөргө өзгөчө көңүл буруп, алардын маани, айтылыш, жазылыш жагын туура өздөштүрүүгө жетишүү; 3) кептин байлыгын арттырып, анын жардылыгына каршы чабуул коюуга адаттандыруу; 4) кептин тактыгына, таамайлыгына жеткизүү; 5) пикир алышууда ыксыз кыпчылган сөздөргө жана башка ашыкча тил каражаттарына жол бербөө; 6) кептин угумдуу, сезимге жагымдуу болушу үчүн камкордук жасатуу (5, 101-102).

Чакан макалабызда кеп маданиятынын суроолоруна кеңири сереп салып, алар залкар

тилчинин илимий чыгармачылыгында кандай чагылдырылганын толук карап чыкпастан, айрым жактарына гана токтолдук. Бирок келтирилген материалдардан деле анын мурда эле айтылган ойлору, тил абалы жөнүндөгү санаалары бүгүнкү күндө өз актуалдуулугун жоготпостон, азыркы көйгөйлөрүбүзгө дал келип турганы айкын көрүнүп турат. Бул үчүн тегерегибиздеги тил колдонуу тажрыйбасына көз чаптырып койгон эле жетиштүү болот.

Ырас, азыркы адабий тилибизди өнүгүп жатат деп айтууга толук негиз бар. Ал жаңы пайда болгон сөздөр менен да, диалектилик сөздөр менен да толукталып жатат. Бирок бардык эле учурда мындай толуктоолорду туура деп айтса болобу?

Азыркы мезгилде кыргыз тилин “кыргызчалоо” аракеттери көрүлүүдө. Ар ким тил “тазартууга” шымаланып киришип, кыргыз тили чалмакей чалынып, тил колдонууда баш аламандык өкүм сүрүүдө. Буга бир-эки мисал келтире кетели. Мурунтан колдонулуп келген “система” деген сөздүн ордуна көп адабияттардан “тутум” деп жазылып жүргөнүн учуратабыз. Бирок бул термин туюндурган маанисин канчалык туура, так берет? “Тутум” деген сөздүн түпкү маанисинде кандайдыр бир ирettүүлүк деген мааниче жок. Ал жөн гана “курам” деген сөзгө синоним болуп түшөт. Андай болсо, бир чети, көнүмүш болуп калган, бир чети, маанини так берген эл аралык сөздү кыргызчалоо чындап эле кажетпи? Расмий документтерде кездешкен дагы бир сөз “даңазалоо”. Ал мурдагы “пропаганда” деген сөздүн ордуна колдонулуп жүрөт. Бирок бул эки сөздүн мааниси бири-бирине дегеле дал келбейт. “Пропаганда” деген сөз “жайылтуу”, “тааныту” деген сөздөргө жакын болсо, “даңазалоо” “даңктоо”, “атагын чыгаруу” дегенди гана билдирет.

Кеп маданияты олуттуу гана эмес, көйгөйлүү маселе да болгонун кыргыздардын оозеки кебинен байкаса болот. Орус сөздөрү турсун, сөз айкаштары, сүйлөмдөрү кыргыз кебине жуурулушуп кеткен учурлар кадыресе көрүнүш болуп калып, өзүнчө бир пижин-кыргыз тили пайда болду. Ошентип, тил жана кеп чөйрөлөрүндө карама-каршы тенденциялар байкалууда: тил жаатында ашыкча “тазалоочулук” аракеттер жасалып жатса, кебибиз өзүнүн тазалыгынан биротоло ажыраганы турат.

Ушундай учурда залкар тилчинин сөздөрүнө кулак салып, тилибизге олуттуу, жоопкерчиликтүү мамиле жасап, аны бузгандын ордуна жакшылап сактап, туура колдонуп, туура өнүктүргөнүбүз оң болмок.

Адабияттар:

1. Винокур Г.О. Проблема культуры речи. /Русский язык в школе, 1929, № 5 //История советского языкознания: Некоторые аспекты общей теории языка: Хрестоматия. –М.: Высшая школа, 1981, -С. 444-447.

2. Головин Б.Н. Основы культуры речи. –М.: Высшая школа, 1988.

3. Давлетов С.А. Байланыштуу речь: Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. –Бишкек: Мектеп, 1999.

4. Давлетов С.А. Сөз маданияты. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери: III китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -126-131 бб.

5. 4. Давлетов С.А. Сөз маданиятын өнүктүрүү ыкмалары. /Кыргызстан маданияты, 1978, 28-декабрь// Кыргыз тилинин урунттуу маселелери: III китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -96-103 бб.

6. Давлетов С.А.Сөз маданияты жана ага коюлуучу талаптар. /Кыргызстан маданияты, 1968, №3, 10-апрель //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери: III китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -65-82 бб.

7. Давлетов С.А. Сөз маданиятын өнүктүрүү – тил, адабият мугалимдеринин башкы милдеттеринин бири. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери: III китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -88-96 бб.

8. Давлетов С.А. Сөз маданиятынын маселелери. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери: III китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -177-194 бб.

9. Давлетов С.А. Улуттук байлыгыбызды урматтай билсек. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери: III китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -194-209 бб.

10. Давлетов С.А. Эмне үчүн өнөр алды кызыл тил. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери: III китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -82-87 бб.

11. Ожегов С.И. Лексикология. Лексикография. Культура речи. Учеб. пособие для вузов. –М.: Высшая школа», 1974.

12. Осмонкулов А. С.Давлетовдун методикалык мурастары. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери: III китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -335-345 бб.

13. Щерба Л.В. Безграмотность и ее причины //Избранные работы по русскому языку. –М.: Учпедгиз, 1957. –188 б.